| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛАА**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 20-майы, № 12/5 Ылай-Талаа айылы

## Калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымынын өлчөмүн, төлөө мөөнөтүн жана эсеп маалыматын берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 10-августундагы № 89 Мыйзамына ылайык жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан 2018-жылдын 28-июнунда кабыл алынган "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 24- главасын жетекчиликке алып калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымынын талаптарын толук кандуу аткаруу максатында Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 75-беренесинин, 76- беренесинин 1- 2- бөлүгүнүн негизинде жыйымдын ставкасынын чоңдугу календардык жыл үчүн мекеме- уюмдун кызматкерлерине 100 сомдон;

| № | Соода түйүндөрү, тамактануучу жана калкка кызмат кылуучу жайларга бир календардык жылга ар бир квадрат метрге | Жыйымдын ставкасы |
|---|---|---|
| 1 | 100 ч.м.чейин | 15 сом |
| 2 | 101 ден 200 ч.м.чейин | 12.50 сом |
| 3 | 201 ден 300 ч.м.чейин | 10 сом |
| 4 | 301 ден 400 ч.м.чейин | 9 сом |
| 5 | 401 ден 500 ч.м.чейин | 8 сом |
| 6 | 501 ден 600 ч.м.чейин | 7 сом |
| 7 | 601 ден 800 ч.м.чейин | 6 сом |
| 8 | 801 ч.м. жогору | 5 сом |

2. Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 76-беренесинин 3-бөлүгүнүн негизинде 2026-жыл үчүн төлөө мөөнөтү өтүп жаткан жылдын 1-августуна чейин, 2027- жылдан тартып өтүп жаткан жылдын 1-апрелине чейин бюджетке эсептелет жана төлөнөт.

3.Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин 05.03.2026-жылдагы № 8/4 токтомунун тиркемеси күчүн жоготту деп табылсын

4.Бул токтом ylaitalaa-aimak.kg расмий веб-сайтына жарыялансын.

5.Ушул токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

6.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

7.Токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

Төрага А.Мойдунов